КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
НАРЗАН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
НАРЗАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-ж. "05" октября № 33 Беловодск а.

V Элдик Курултайды өткөрүү боюнча Нарзан айыл аймагынын жумушчу тобунун курамын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Элдик Курултайдын кезектеги бешинчи жыйынын өткөрүү жөнүндө" 03.09.2026-ж. №309 Жарлыгынын, "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын негизинде, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 22 сентябрындагы №192 Тескемесин жетечиликке алуу менен, Нарзан айылдык кеңешинин сессиясы :

ТОКТОМ КЫЛДЫ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы № 309 Жарлыгына ылайык , кезектеги V Элдик Курултайды 2026-жылдын 18-19декабрында өткөрүү жөнүндө" Жарлыгы жетекчиликке жана аткарууга алынсын.

2. Жергиликтүү коомдоштуктардын курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1-Тиркемесине ылайык бекитилсин.

3. Элдик Курултайдын делегаттарынын квотасына ылайык делегаттарды сунуштоонун нормалары калктын саны 30001ден көп - 150 катышуучу/делегаттыкка талапкер бекитилсин.

Калктын жалпы санынан (36744 адам) 21 жана андан жогорку жаштагылар көрсөтүлөт - 3 делегат:

- Беловодское айылы – 24678 адам, 100 делегаттыкка талапкерлер;

- Кош-Дөбө айылы - 1832 адам, 8 делегаттыкка талапкерлер;

-Ак-Суу айылы - 10234 адам, 42 делегаттыкка талапкерлер.

4. V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жыйындарды өткөрүү графиги 2-Тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Москва районунун Беловодск айылындагы "Жаштар үйү" клубунда V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйыны 2026-жылдын 24-октябрында саат 10-00дө өткөрүү боюнча календарлык планга ылайык өткөрүлсүн.

6. Жооптуу катчы бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоо үчүн жөнөтсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Нарзан айыл кеңешинин төрагасынын м.у.а. А.Т.Урманбетовго, Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы И.Э. Оскомбаевге жүктөлсүн.

Төраганын м.у.а: **А.Т. Урманбетов**

1-Тиркеме

Кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды

шайлоо жана уюштуруу боюнча

жумушчу топтун иш планын бекитүү

2026 -жылдын 05 октябрында

Нарзан айыл кенешинин жумушчу тобуну №1

протоколу менен жактырылды

Кезектеги V Элдик Курултайды

уюштуруу жана өткөрүү боюнча Нарзан айыл аймагынын иш-чараларынын

КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

№	Иш-чаралар	жооптуулар	убактысы
1.	Айылдык кенештин сессиясын өткөрүү, , V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө токтомду кабыл алуу, жумушчу топтун курамын бекитүү	Айыл кенеши	05.10.2026ж
2.	V Элдик Курултайдын делегаттарын жер-жерлерден жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарында шайлоо өткөрүү.	Айыл кенеши, жумушчу топ, депутаттар	15.10.2026-ж. чейин
3.	Айылдарда өткөрүлгөн жарандардын жыйындарынын протоколдорун жана өкүлдөрдүн тизмесин жалпылоо.	Айыл кенеши, жумушчу топ	20.10.2026-ж
4.	Нарзан айыл аймагынын жергиликтүү коомдоштугунун Курултайын өткөрүү	Айыл кенеши, жумушчу топ	24.10. 2026-ж.
5.	VЭлдик Курултайдын	Айыл	27.10.2026-

	делегаттарынын тизмелерин, шайлоо тууралуу протоколдорду делегаттардын толтурулган анкеталарын жана делегаттардын тиешелүү документтерин уюштуруу комитетине жөнөтүү	кенеши, жумушчу топ	ж чейин
6.	V Элдик Курултайга шайланган делегаттар менен жолугушуу өткөрүү жана уюштуруу маселелерин чечүү	Айыл кенеши, жумушчу топ	2026-ж 10-ноябрына чейин
7.	V Элдик Курултай боюнча маалыматтарды, отчетторду өз убагында тиешелүү мекемелерге берүүнү камсыз кылуу	Айыл кенеши, жумушчу топ	ар дайым

Төраганын м.у.а. **А.Т.Урманбетов**

Нарзан айылдык кенешtин
2026-ж. «05» октября №33
токтомуна тиркеме

V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жыйындарды өткөрүү графиги

Катышуучулардын жергиликтүү жыйындын өткөрүлүшү Беловодское айылында

№	Өткөрүлө турган жери	Убакыт, сааты
1	**Беловодское а., Фрунзе көч, клуб «Жаштар үйү»**	**12.10.2026-ж 10:00дө**

Катышуучулардын жергиликтүү жыйындын өткөрүлүшү Кош-Добо айылында

№	Өткөрүлө турган жери	Убакыт, сааты
1	**Кош-Добо а., К.Китаева көч, клуб Маданият үйү**	**13.10.2026-ж 10:00дө**

Катышуучулардын жергиликтүү жыйындын өткөрүлүшү Ак-Суу айылында

№	Место проведения	Дата и время проведения
1	**Ак-Суу а., Тополева көч №3, СШ №1**	**14.10.2026-ж 13:00дө**

Нарзан айылдык кеңештин
2026-ж. "05" 10. 33 №
токтомуна №1 тиркеме

Жергиликтүү коомдоштуктардын курултайын өткөрүү жана VЭлдик Курултайга делегаттарды шайлоо уюштуруу боюнча жумушчу топтун курамы

Урманбетов А.Т. – Нарзан айылдык кеңештин төрагасынын у.м.а., жумушчу топтун төрагасы;

Асаналиева К.А. – жумушчу топтун катчысы, Нарзан айылдык кеңештин жооптуу катчысы.

Жумушчу топтун курамы:

Асыпбекова А.А.- айылдык кеңештин депутаты

Рысбекова М.О.- айылдык кеңештин депутаты ;

Барманкулова Н.К. - айылдык кеңештин депутаты ;

Кенжеев А. – Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары

Шаршенов А. - Кош-Добо айылынын айыл башчысы;

Осмонкулова Ж.Ж. - Нарзан айыл өкмөтүнүн кызматкери;

Орозалиев Ч.С.- Ак Суу айылынын айыл башчысы